| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын III кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 30-январы №17 — Кара-Коо айылы

## Ак-Терек айыл аймагынын 2025-жылга бюджети жана 2026-2027-жылдарга белгиленген болжолу жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын өкмөтүнүн 2025-жылга бюджети жана 2026-2027-жылдарга белгиленген болжолу жөнүндө маселе боюнча, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевдин докладын угуп жана талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. 2025-жылга Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер жана чыгашалар боюнча баардыгы 38877,7 миң сом көлөмүндө бекитилсин.

Анын ичинен кирешелер №1 тиркемеде көрсөтүлгөндөй төмөнкү булактардан түшүүсү каралсын.

**№ 1-тиркеме**

| **№ п/п** | **Кирешелердин түрлөрү** | **План 2025-ж** |
|---|---|---|
| 1 | Салык агенти төлөөчү киреше салыгы | 13036,5 |
| 2 | Патенттин негизинде салык | 212,7 |
| 3 | Кыймылсыз мүлккө салык | 68,5 |
| 4 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына мүлк салыгы | 1239,0 |
| 5 | Жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгы | 576,4 |
| 6 | Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы | 1031,8 |
| 7 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы | 1197,7 |
| 8 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым | 120,0 |
| 9 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 734,4 |
| 10 | Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин иштетүү үчүн ижара акысы | 871,8 |
| 11 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы | 1354,8 |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | Теңөөчү трансферттери | 1736,1 |
| 13 | Рояльти | 3,0 |
| 14 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 1200,0 |
| 15 | Алкоголдук продукцияны сатууга лицензия алган субъекттерден этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу үчүн жыйым | 5,0 |
| | **Баары:** | **38877,7** |

**Ал эми чыгашалар №2 тиркемеге ылайык төмөндөгүдөй болуусу белгиленсин:**

1.Ак-Терек айыл аймагынын өкмөтүнүн аппаратына 14850,2 миң сом
2.Билим берүү бөлүмүнө, мектептерге 4455,4 миң сом
3. Бала бакчага 3614,9 миң сом
4.Клубдарга 6787,4 миң сом
5. Библиотекаларга 3469,8 миң сом
6.Турак жай чарбасына 4500,0 миң сом

Атайын каражаттын чыгашасы №3 тиркеменин негизинде бала бакчага 1200,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**Баардыгы: 38877,7 миң сом**

2. 2025-жылга Республикалык бюджеттен алынуучу тендештирилүүчү гранттын көлөмү 17226,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

Тендештирилүүчү грант айыл аймагынын өкмөтүнүн аппарат кызматкерлеринин жана маданият кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө, социалдык фондго чегерүүлөрдү каржылоого, коммуналдык чыгымдарга жумшалышы бекитилсин.

3. Ак-Терек айыл аймагынын өкмөтүнүн 2026-2027-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолдуу негизги көрсөткүчтөрү жактырылсын. 2026-жылга болжолдуу бюджети 40133,4 миң сом өлчөмүндө, 2027-жылга бюджеттин болжолдуу долбоору 42055,5 миң сом өлчөмүндө каралсын.

4. Жергиликтуу мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары бюджеттеги каралган кирешелерди жана чыгымдарды толук аткарууга багытталган иш чараларды өз убагында жүргүзүүгө милдеттендирилсин.

5. Чыгашалар 2025-жылы бюджеттен каржылоого түшкөн кирешелердин чегиндеги көлөмүндө жүргүзүүлөрү жана биринчи кезекте эмгек акы төлөөгө, социалдык фондго чегерүүлөргө, коммуналдык чыгымдарга жана сапардык чыгымдарды төлөөгө жумшалышы белгиленсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**